**Сулайман Рысбаев п.и.д., профессор**

# Педагогикалык кырдаалдар, келип чыгуу себептери жана аны чечүүнүн маселелери

Бүгүнкү күндө, албетте, мектепте болсун, жогорку окуу жайларында болсун, тарбия берүүгө эмес, билим берүүгө көбүрөөк маани берип баратабыз. Анын натыйжаларын турмуш өзү далилдеп жатат. Мунун өзү тарбия маселесин кайрадан көңүлгө салууга аргасыз кылууда. Ал учурдагы мектеп балдарынын өз ара мамилесиндеги жана мугалим менен окуучулардын, анан да мугалим менен ата-энелердин ортосундагы мамиле маданиятынан да көрүнүп жатат.

Мына ушундай жагдайлар мектеп практикасында «педагогикалык кырдаал» деген түшүнүктүн актуалдашуусуна алып келатат.

Деги, бул «педагогикалык кырдаал» деген эмне? Ал эмнеден улам келип чыгып жатат? Жаралуу өбөлгөлөрү эмнеде? Кырдаалдын түрлөрү кандай? Аны кантип алдын алуу керек? Жаралган кырдаалдарды кантип туура чечүүгө болот? Туура чечилбеген педагогикалык кырдаалдардын кесепети эмнеге алып келип жатат? Ага ким жооп берет?

Мындай суроолор учурда ого эле көп.

«Педагогикалык кырдаал» деген – бул, мектепте мугалим менен окуучунун, анын ата-энесинин ортосунда, окутуу менен тарбиялоонун процессинде күндө келип чыгуучу, өз убагында чечүүнү талап кылуучу орчундуу жагдай экендиги талашсыз. Ал үчүн мугалим же тарбиячыдан өтө кылдат педагогикалык такт, жетилген профессионализм дагы, жана да турмуштук бай тажрыйба, терең акыл, азыркы термин менен айтканда, «мугалимдин инсандык сапаты» да, «кесиптик компетенттүүлүгү» да өтө керек.

Педагогикалык кырдаалдар кээде күндөлүк практикада тез чечилүүчү мүнөзгө ээ болсо, айрымдары кыйынчылык менен чечилүүчү, көптөгөн машакаттануулардан улам ойлонуп жыйынтыкка келүүчү мүнөзгө ээ болгону менен ойго салат.

Чындыгында, педагогикалык кырдаал жөн жерден келип чыккан, же жөн эле чечилип кала турган жөн-жай жагдай эмес, анын мүнөздүү бир белгиси - анын негизинде кандайдыр бир талаш-тартыш (конфликт) жатат.

Ошентсе да, педагогикалык кырдаал ар качан, «кандай гана учур болбосун, педагогикалык практикада болбой коюуга мүмкүн болбоочу, педагогикалык процесстин бир учурдагы абалын мүнөздөөчү, керек болсо, анын өзөктүү бир бөлүгү» экендигин моюнга алуу керек. Анткени, педагогикалык процесс мугалим менен окуучунун өз ара мамиле маданиятынын абалын чагылдырып туруучу, үзгүлтүксүз жана тынымсыз уланып туруучу көрүнүш. Ал кээде атайын ойлонулуп, алдын ала да уюштурулуп жасалышы да ыктымал же кокусунан, күтүүсүз түрдө келип

чыгуусу да мүмкүн. Ошентсе да, алар мурдатан бери уланып келаткан педагогикалык процесстин да продуктусу болуусу ыктымал.

Педагогикалык кырдаалдар каерде болуусу мүмкүн? Албетте, ал: класстык жыйында, сабак процессинде, мектеп короосунда, ж.б. жайларда болуп өтүүсү мүмкүн. Ал эми, мүнөзүнө жараша чыр-чатактуу жана чыр-чатаксыз (конфликттүү жана конфликтсиз) болмокчу. Деги эле, педагогикалык кырдаалдар кайдан жаралат? Атап айтсак:

-мугалим менен окуучунун, окуучу менен окуучунун же мугалим менен ата-эненин бир маселени чечүүдөгү көз караштарынын түрдүүлүгүнөн, т.а. маселени ар ким ар кандай чечүүсүнөн, бири –бирин колдобостугунан;

- бири-бирине болгон «ыраазы эместиктен, т.а., кимгедир, же кандайдыр бир нерсенин чечилишине макул эместиктен;

- жылуу-жумшак мамиленин үзүлүшүнөн, ортодогу сый мамиленин, токтошунан;

-бири-бирине каршы аракет кылуудан;

-өчөшүүдөн;

-элдешүүгө келбегендиктен, жалпы тил таба албагандыктан… ж.б.

Мындай кырдаалдардын келип чыгышына төмөндөгүдөй түрдүү факторлор да таасир этүүсү мүмкүн. Мисалы:

- Мугалимдин кесиптик чеберчилигине, тажрыйбасына байланышкан факторлор;

- Окуучу менен ата-энесинин инсандык сапаттарына байланыштуу факторлор;

- Мектептин ички эрежелерине байланышкан факторлор;

- Коомдук-социалдык абалга байланышкан факторлор.

Албетте, булардын ар бири өзүнчө изилдөөнү жана сөз кылууну талап кылат.

Учурда ЖОЖдордо мугалимди кесиптик жактан гана даярдайт, ошондо да теориялык билим гана берет, студент педагогикалык чеберчилик жактан жеткире куралданбастан ЖОЖдорду бүтүрүшөт. Бул жерде мен жаш мугалим мектепке барган эле күнү кез келүүчүпедагогикалык проблемаларды эске салып жатам. Чынында, педагогикалык кырдаалды чечүүгө даяр эмес мугалим – демек, анын чыныгы педагогдук кесипке даяр эместигин билдирет-дегим келет.

ЖОЖду мыкты бүтүргөн студент эле мыкты мугалим болуп чыгат-деген ой туура эмес экенин да турмуш далилдеп жүрөт. Анткени ал өз предметин мыкты билсе да, бала менен же ата-энелер менен иштеше албашы мүмкүн. Андай болсо, жаш мугалим мектепке барганда эле аны күтүп турган педагогикалык проблемалар – аны ошол эле күнү педагогикалык кесиптен тайсалдатпай койбойт. Биринчи эле кырдаалдан тайсалдаган жаш мугалим педагогикалык иштен качууга аргасыз болору да шексиз. Демек, мугалим теориялык жактан гана куралданбастан, педагогикалык турмушта кездешүүчү түрдүү кырдаалдар, алардын түрлөрү (классификациясы), мүнөздүү белгилери, аларды алдын алуу, чечүү жолдору, болтурбоонун өбөлгөлөрү, чечүүнүн илимий-методикалык, админстративдик, инсандык,

ж.б. жолдору тууралуу да маалыматка ээ кылган чеберчиликтин устаканасынан өтүүсү зарыл экен.

Мектептеги окуу шартында дайыма эле бала үчүн комфорттуу жагдай боло бербейт. Мугалим менен биринчи эле сабактагы туура эмес психологиялык жагдай психологиялык кыйла дискомфорттуулукка апкелет. Ушул жерден эле педагогикалык кырдаал түзүлөт. Аны туура эмес чечүү баланы депрессияга алып барат.Ошол эле депрессия педагогикалык кырдаалдын өз убагында чечүүсүн талап кылат жана аны эске албай коюу чоң кесепетке алпарган жолдун да башаты болбойт деп эч ким кепил болуп бербейт.

Педагогикалык кырдаалдарды чечүү каражаттары, албетте, түрдүү. Учурда, көбүнчө, баланы чогулушка салуу, көпчүлүк алдында уяткаруу, ата-энесинин көзүнчө айыбын ачуу, башкалар менен салыштырып шылдың кылуу, катуу кагып-силке сөз айтуу,сабактан чыгарып жиберүү, кандайдыр бир жол менен жазалоо, жаман баа коюу, дубал гезитке чыгаруу, мектептен чыгаруу, милициянын жашы жетпегендер менен иштөө бөлүмүнө эсепке алуу…ж.б. сыяктуу жолдорду колдонгон учурлар көп. Практика далилдеп жаткандай, бүгүнкү күндө мындай каражаттар – педагогикалык кырдаалдарды чечүүнүн бирден-бир туура жолу болбой калды.

Педагогикалык кырдаалдарды анын түрлөрү кандай болсо, келип-чыгуу себептери кандай болсо, ошондон кем эмес түркүн жагдайда чечүү талап кылынат.

Мисалы:

1) Балким, педагогикалык кырдаал баланын ден соолугунан улам келип чыкса, демек анын ден соолугу тууралуу кам көрүү менен чечилүүсү да талап кылынар;

2) Эгер, баланын үй-бүлөсү экономикалык жактан аз камсыз болсо, ага материалдык жактан жардам берүү менен, же ага жеңилдиктерди түзүү менен чечилүүсү туура болор;

3) Эгер кырдаал тараптардын психологиялык жактан келише албагандыктарынан улам келип чыкса, анда бирин-бири түшүнүшүү менен чечилер;

5) Жүрүм-турумунан, адеп-ыймандык жактан келип чыккан кырдаал болсо, элдик, адамдык, ыймандык салттарга таянуу менен чечилер?

А эгер:

-мектептеги, же класстагы уюштуруу жактан, коомдук иштерден келип чыксачы?

- методикалык жактан, мисалы, мугалим өзү сабакта теманы жакшы тушүндүрбөй туруп, баладан талапкылсачы?

- административдик туура эмес жаза бергенден чыксачы?

- баланын жүрүм-турумуна субъективдүү баа берүүдөн улам пайда болсочу?

- жекече инсандык мамиледен улам келип чыксачы? (Мисалы, мугалим өзү туура эмес жүрүм-туруму болуп туруп, окутуудан туура жүрүүнү талап кылса);

-диний ишенимдердин негизинде келип чыккан кырдаалдар болсочу?.

- саясий, улуттук мамилелерден улам келип чыксачы?

Деги эле, педагогикалык кырдаалдардын пайда болуусуна өбөлгө болор башкы факторлор катары- биздин оюбузча, айрыкча бүгүнкү шартта, республикабыздагы коомдук мамилелер жана анын баланын жан дүйнөсүнө тийгизген оң жана терс таасирлери да болуусу мүмкүн. Ал мындан көрүнөт. Учурда «баланы мугалим окутуп-тарбиялайбы, же тазалайбы?»– деген суроо турат. Анткени советтик педагогикада айтылчу бир жакшы жобо бар эле да мындай деген: «Бала деген ак барактай таптаза нерсе, ага мугалимдин ар бир сөзү жазылат, ошого жараша бала калыптанат» деген. Азыр бала «ак барактай таза бойдон мектепке келеби? Мисалы: бала үйдөн чыгып мектебине жеткенче эмнелердин баарына кабылып, бири-бирин кордоп-сабашкан, сайышып-атышкан, кескилешип-өлтүрүшкөн көрмө каражаттарды көрүп, анан гана мектебине барат.Ошондон улам, үйдөн мектепке чейинки жол – бала үчүн жарым сааттык эмес, ондогон жылдар бою эси-көөнүнөн кеткис окуялар менен кара тактардын баары акыл-сезимине бекем изин калтырып, анан гана, демек, баланын жан дүйнөсү «кирдегенде» гана мектепке жетет-десек ишенебизби?

Мындай шартта мугалим балага билим – тарбия берүүгө чейин, адегенде – анын жан дүйнөсүн ошол кирлер менен кара тактардан тазалоо керектир? Дал мына ушунун өзү учурдагы педагогикабыздын башкы проблемасына айланып калгандыр? Анан да чечилбей турган педагогикалык кырдаалдардын пайда болушуна негизги өбөлгөлөрдү түзүп жаткандыр?

Мектепте педагогдун ролунан, ата-энелердин аларга болгон жеке мамиле- ишенимдерден улам да педагогикалык кырдаалдар келип чыгат. Ал кырдаал – баланын мугалимге болгон ишенимдерин өлтүрөт, урмат-сыйын жоготот, билим менен тарбиянын баалуулугун төмөндөтөт, «мугалим» деген ыйык сезимге жарака кетирет.

Педагогикалык кырдаалдар өз убагында жакшы чечилмейин мектептерде окуу-тарбия иштери жолго коюлбайт жана ансыз бала менен мугалимдин мамилеси жакшырбайт. Ал, жогорудай айткандай, мектепте билим менен тарбиялык бүтүндөй иштерди солгундатуунун булагы гана болуп саналат.

Ошондуктан ЖОЖдордо педагогикалык адистикке даярдоодо педагогикалык кырдаалдар жөнүндөгү проблеманы унутта калтырууга болбой калды - десек жаңылышпайбыз.

Бүгүнкү күндө педагогикалык кырдаалдарды туура эмес чечүүнүн кесепеттеринен улам республикабыздын мектептеринде кандай терс окуялар, төбө чачты тик тургузган көрүнүштөр нерселер болуп жатат? Ачык эле айталы:

1.Мугалимдерге окуучулардын ылакап ат коюусу-күндөлүк эле нерсеге айланып калды;

2. Мугалимдимдин да окуучуну коркутуп-үркүтүүсү, аларга кол көтөрүүсү-жаман адаттардын бири бойдон калууда;

3) Окуучунун мектепти, деги эле окууну таштап кетиши көбөйүүдө;

4) Окуучулардын мушташуулары, бычакташуулары, бири-биринин денесине же өмүрүнө залакасын тийгизүүсү көбөйүүдө;

6) Окуучулардын өз өмүрүнө кол салуусу токтобой жатат;

7) Окуучунун мугалимди уруп-сабап коюулары да жок эмес;

8) Окуучунун мугалимди өлтүрүп коюусу, мектепти өрттөп жиберүүсү (мисалы:Россияда) катталган);

10) Ата-энелердин мугалим менен чатакташуулары жок эмес;

11). Мектеп арасындагы окуучулардын жаатташып мушташууларын баса албай жатабыз.

Мына ушундай. Ошон үчүн, педагогикалык турмушта дайыма келип чыгуучу мындай кырдаалдарды чечүүдө мугалимдин атайын жана кыйла педагогикалык-методикалык даярдыгы, ал тургай, турмуштук тажрыйбасы да, инсандык мыкты сапттары да, албетте, жогоруда айтып өткөндөй, кесиптик-тарбиячылык мыкты даярдыгы, мындай кырдаалдардан чыгууга болгон ийкемдүүлүгү жана «жөндөмдүүлүгү» комплекстүү түрдө болуусу талап кылынат.

**Төмөндө мугалимдер күндө кез келүүчү педагогикалык бир канча кырдаалдардан мисал келтирели.**

<u>*1-кырдаал:*</u>Сиз сабакка кирдиңиз, үй тапшырмасына ким даяр экендигин сурадыңыз? Бирок бир да окуучу даяр эмес болуп чыкты.

Сиз мындай кырдаалда эмне кыласыз?

<u>*2-кырдаал:*</u> Жаңы сабакты бардык күч-аракетиңиз менен өтүп, теманы түшүндүрүүгө аракет кылдыңыз. Анан жаңы билимди бышыктоого өттүңүз. Бирок берген проблемалуу суроолоруңузга окуучулар жооп бере алышпады. Эмне, окуучулар өтүлгөн материалды түшүнбөй калыштыбы?

Мындай шартта эмне кылуу керек?

<u>*3-кырдаал:*</u>Сиз мугалимдик кесипти абдан жактырасыз. Бирок айлыгыңыз аз. Бир күнү бир теңтушуңуз жакшы маяналуу, бирок сиз жактырбаган жумушка орношууга чакырды.

Мындай учурда сиз курбуңузга кандай жооп кайтарасыз?

<u>*4-кырдаал:*</u> Сиз түз сүйлөп, түз жүргөн, жетекчиге кошомат кылбаган, ар кимге калыс кеп айткан адамсыз. Бирок калыс айтып түз жүргөнүңүз менен, кээде жетекчиңизге жакпай калып жүрөсүз. Сиз теңдүү көптөгөн мугалимдер эчак өкмөттүк сыйлыктарды алышты. Сиз «түз сүйлөгөнүңүз менен» жакпай, бир дагы сыйлыкка көрсөтүлбөйсүз.

Мындай учурда сиз эмне кыласыз?

<u>5-кырдаал:</u>Сиз топтошкон бейтааныш адамдардын жамаатында болуп калдыңыз. Ал жерде улуу адамдар бүгүнкү мектеп балдарынын тартиби, билими туурасында сын-пикирлерин айтышып, бардык күнөөнү мугалимдерге оодарып, жаман сөздөр менен тилдеп жатышты. Сиздин мугалим экендигиңиз аларга белгисиз, сизди алар таанybaйт.

Ошондой шартта бейтааныш адамдардын сөзүнө сиз кандай мамиле кылат элеңиз?

6-кырдаал: Сиз өзүңүздүн предметиңиз боюнча күчтүү мугалимсиз. Окуучуларыңыз сиздин сабагыңыздан «калтырап коркушат». Бир күнү сиздин китебиңиздин ичинен эки ээли кагазды таап алдыңыз. Андан «Мен сизди көрөйүн деген көзүм жок, сабагыңызды угайын деген кулагым жок» деген жазууну окудуңуз. Ал катты классыңыздагы начар окуган бир окуучуңуз жазганын кол жазмасынан тааныдыңыз.

Эмне кылуу керек?

7-кырдаал: Билим берүү министрлигинин окуучулардын бирдиктүү мектеп формасын кийүүсү тууралуу буйругу чыкты. Бирок сиздин классыңыздагы бир кыз хибжаб кийип мектепке келди.

Сиз мындай учурда кандай чечимге келесиз?

*8-кырдаал:* Сиздин сабагыңызга бир нече окуучу кечигип киришти. «Кайда жүрөсүңөр?» деген сурооңузга алар: «Намаз окуп, мечитте жүрүп кечигип калдык» деп жооп беришти.

Сиз аларга эмне дейсиз, кандай чечимге келесиз?

9-кырдаал:Ата-энелер чогулушунда бир ата-эне сизге катуу доомат коюп, «күндө акча чогултасыңар, аларды кайда жумшап жатасыңар?» деп наалып, баласы күндө үйдөн акча алып чыгарын айтты. Сиз анын сөзү боюнча изилдеп, жогорку класстын окуучулары аларга салык саларын билдиңиз...

Бул маселе боюнча кандай аракет кыласыз?

10-кырдаал:Сиздин класстагы «эң мыкты» деп мактаган окуучуңуз мектепте рекеттик кыла турганын билдиңиз.

Эмне кыласыз?

11-кырдаал:Сиздин класстагы эң тентек, сабак билбеген окуучу башка мектепке которулуп кете турган болду. Ата-энеси келип «балама жакшы мүнөздөмө» жазып берүүңүздү өтүндү.

Сиз мындай учурда эмне кыласыз?

Педагогикалык мындай кырдаалдарды чечүүгө мектеп мугалимдери дайыма эле даяр боло бербейт, ал үчүн жогоруда айтылгандай, аларда жогорку окуу жайдан алган илимий-педагогикалык атайын даярдык биринчи иретте керек болору талашсыз. Бул-бир. Экинчи маселе: педагогикалык мындай проблемаларды илимий-методикалык жактан чечүү жолдорун изилдеген жана чечкен атайынилимий-педагогикалык изилдөөлөр да бизде дээрлик жок.

Ошондуктан, мындай сунуштарды белгилегибиз келет:

1) «педагогикалык кырдаалдар»маселесин–кыргыз педагогика илиминде атайын «педагогикалык котегория» катары карап, аны чечүүнүнтеориялык-методикалык негиздүү жолдорун атайын иликтөөнү колго алуу;

2) ЖОЖдордо болочок педагогикалык кадрларды даярдоодо бул проблема боюнча атайын курстар уюштурулуп, программа түзүлүп, окулуп-үйрөнүлүүсүн, аны чечүүгө болочок мугалимдерди машыктырууну колго алуу;

3) «педагогикалык кырдаалдар» боюнча мугалимдердин билимин замандапөркүндөтүп туруу, педагогикалык кадрлардын билимин жогорулатуу курсатарында мугалимдер үчүн «педагогикалык-кырдаалдык тесттерди» түзүү аркылуу аларды чечүүгө системалуу үйрөтүү боюнча иш жүргүзүү кажет.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1.Бекбоев И.Б., Инсанга багыттап окутуу технологиялары, Б,2005.

2.Мамбетакунов Э.М., Сияев Т.М.. Педагогиканын негиздери, Б., 2010

3.Тамбовкина Т.И., Педагогические ситуации, интернет булактарынан.

4.Безрукова В.С.. Основы духовной культуры (энциклопедический словарь.М.. 2000)

5.Бурлачук Л.Ф.. Коржова Е.Ю., Психология жизненных ситуаций, М.. Рос. Пед.агенство, 1998.

6.Годник С.М., Спирин Л.Ф. Фрумкин М.Л. и др. Педагогические ситуации в воспитании школьников, Воронеж: Изд. БГУ, 1985.

7.Натанзон Э.Ш., Психологический анализ поступков ученика. М., Просв., 1991.

8.Петроченко Г.Г., Ситуативные задачи в педагогике, Минск: Университет, 1990.

9.Поташник М.М., Вульфов Б.З., Педагогические ситуации. М.: Педагогика, 1983.